Бекитемин
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин директору
______ Дюшенбаева С.Э.
01.09.2022-ж

**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин**
**окуу тарбия иштеринин салыштырмалуу анализи**

Мектептин аталышы: **Нурлан Рахманов атындагы орто мектеби**

Мектептин дареги: **Чүй облусу, Сокулук району, Чоң-Жар айылы**

Мектептин директору: Дюшенбаева Светлана Эриковна

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Намазбекова Айгуль Бейшебаевна

Класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу: Шүкүрбаева Асель Нармухамедовна

Мектеп имаратынын проектидеги сыйымдуулугу: 180 окуучу

Мектептин тиби: **орто мектеп**

Класстардын саны: 12 (1 даярдоо классы менен бирге)

- Окуу жылынын башына карата 233 окуучу анын ичинен 102 кыздар;
  Жетишүүнүн деңгээли: 43%

Мектеп окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык окуу-тарбия процессин уюштурат
жана коюлган максаттары, милдеттери, талаптары мектептеги билим берүүнүн деңгээли жана бардык кызыкдар тараптардын муктаждыктарына жооп берет.

Мектеп өз региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат. Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт. Инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Мектептин 2022-2023- окуу жылына карата окуу-тарбия иштеринин алдына коюлган максаты: “Окуучуларды инсанга багыттап окутуп-тарбиялоо”.

Милдеттери:

1)Окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштыруу;

2) Билим берүүдө сабактын технологиясын туура тандоо;

3) Билим берүүнүн усулдарын жана жолдорун мурдагы салттарга таянуу менен улам жаңылоо;

4) Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптандыруу, инсанда чыгармачыл башталышты пайда кылуу;

5) Сабактын жаңы структураларын изилдөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын инсанды окутуп, тарбиялоого моделдештирүү;

6) материалдык-техникалык базаны чыңдоо;

7) Тарбиялоодо демократияны жана гуманизацияны турмушка ашыруу, окуучуга гуманизациялык тарбия берүү, аны адамгерчиликке, боорукердикке, маданияттуулукка, ак ниеттүүлүккө тарбиялоо;

8) Билимдүүлүгү, инсандык касиеттүүлүгү жетилген, коомго пайдалуу чыгармачыл адамды тарбиялап чыгаруу;

9) Ата-энелер менен бирдикте иш алып баруу.

Мектепте беш усулдук бирикме иштейт:

**I. Гуманитардык илимдер багытындагы усулдук бирикме** (жетекчиси Карыпбаева Г.Б.)

Бирикмеге төмөнкү сабактар кирет: кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили, тарых. Бирикмеде алты мугалим эмгектенет. Бирикмеде төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

- Жаңы педагогикалык технологиялардын эффективдүү усулдарын сабакта колдонуу;
- Инсанга багыттап окутуунун технологияларын үйрөтүү;
- Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча иштерди улантуу;
- Усулдук бирикменин класс кабинеттерин жабдуу;
- Кабинетти таблицалар, карточкалар ж.б. дидактикалык материалдар менен толуктоо;
- Окуучулардын оозеки жана жазуу иштери боюнча баа коюунун жаңы нормаларын окуп үйрөнүү;
- Окуучулардын орфографиялык жактан сабаттуулугуна жетишүү;
- Балдардын интелектуалдык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү  багытында өнүктүрүүчү тапшырмаларды берүү;
- Текстти окууда негизги мазмунун түшүнүүнү жана темачаларды коё билүүгө үйрөтүү.

**II.Табигый илимдер жана математикалык, көркөм-эстетикалык жана дене тарбия багыттагы усулдук бирикме** (жетекчиси Ашыбаева Ч.Б.). Бирикмеге төмөнкү сабактар камтылган: математика, алгебра, геометрия, физика, информатика, химия, биология, география, дене тарбия, технология. Бирикмеде алты мугалим эмгектенет. Бирикменин окуу жылына койгон милдеттери:

- Окутуу процессин илимий негизде уюштуруу;
- Инсанга багыттап окутуунун технологияларын үйрөтүү;
- Окутууда инновациялык усулдар жөнүндөгү билимдерин тереңдетүү;
- Педагогикалык тажрыйбаларды иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу;
- Окуучулардын оозеки жана жазуу иштери боюнча баа коюунун жаңы нормаларын окуп үйрөнүү;
- Кабинетти таблицалар, карточкалар ж.б. дидактикалык материалдар менен толуктоо;
- Балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү багытында өнүктүрүүчү тапшырмаларды берүү;
- Текст менен иштөөгө үйрөтүү;
- Жазуу иштеринин санын  көбөйтүү, каталар менен иштөөгө үйрөтүү.
- Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча иштерди улантуу;
- Окуучуларды спорттук мелдештерге, музыкалык конкурстарга даярдоо;
- Мугалимдердин өз алдынча иштөөсүн жүргүзүү жана көзөмөлгө алуу.

**III. Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси** (жетекчиси  Сагыналиева Н.А.). Бирикменин милдеттери:


- Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча иштерди уюштуруу;
- Карточкалар, дидактикалык материалдарды толуктоо;
- Усулдук бирикменин класс кабинеттерин жабдуу;
- Жаңы педагогикалык технологиялардын эффективдүү усулдарын колдонуу;
- Балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү;
- Жазуу жана оозеки иштери боюнча баа коюунун нормалары.

**IV.Класс жетекчилердин усулдук бирикмеси** (жетекчиси Шүкүрбаева А.Н.). Усулдук бирикменин милдеттери:


- Тарбиялоодогу кл.жетекчилердин даярдыгынын деңгээлик көтөрүү;
- Тарбия берүүдө жана технологиялардын азыркы учурдагы концепциясын өздөштүрүү;
- Кл. жетекчилердин тарбия берүү иштериндеги усулдары жөнүндөгү билимдерин өркүндөтүү;
- Окуучуларды тарбиялоодо алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу;
- Коллективди жана инсанды тарбиялоодо практикадагы эн негизги принципиалдуу маселелердин чечилишинин жалпы талаптарын жана көрүлүүчү чараларды иштеп чыгуу.

Усулдук бирикмелердин пландары бекитилген жана жыл бою үзгүлтүксүз иш жүргүзүшөт.
Окуу жылына карата бардык предметтерден предметтик мугалимдер сабак беришет. Предметтик мугалимдер жетиштүү. Мектепте 18 мугалим эмгектенет.  Анын ичинен 15 мугалим жогорку билимдүү, 2 мугалим жогорку билимди сырттан окууда, бүтө элек? 1 мугалимдин билими атайын орто. Пенсия жашындагы төртөө.  Бул мугалимдердин ичинен  башка мектептен келип биргелешкен сабак өтүүчү мугалим жок. Бардык мугалимдер туруктуу иштешет. Эки мугалим декреттик өргүүдө.


## Билими (сан менен)




## Жашы (сан менен)




## Педагогикалык стажы (жыл менен)



**Кадрлар боюнча жалпы маалымат**

| № | Аталышы | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдердин жалпы саны/ аялдар | 17/16 | 17/16 | 16/2 | 18/2 |
| 2 | Жогорку билимдүү | 16 | 16 | 14 | 16 |
| 3 | Жогорку бүтпөгөн билимдүү | - | - | 1 | 2 |
| 4 | Орто кесиптик билимдүү | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 5 | Бакалавр | 1 | 1 | 1 | - |
| 6 | Магистратура | - | - | - | - |
| 7 | Пенсия курагындагы мугалимдер | - | - | - | - |
| 8 | Аспирантура | - | - | - | - |
| 9 | Жаш адис | - | - | - | - |

Сабак берүүдө мугалимдер педагогикалык чыгармачылыгын методикалык жактан өнүктүрүүдө. Мугалимдер өз убагында билимин жогорулатуудан өтүп турушат. Райондук пландуу семинарларга, ар түрдүү долбоорлорго үзгүлтүксүз катышып турушат, мындан сырткары келген долбоорлорго катышууда.

| К/№ | Мугалимдин аты-жөнү | предмети | Курстан өткөн жылы | Кайсы жылы өтүш керек |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ашыбаева Ч.Б. | Физика,информ | 2015 | 2021 |
| 2 | Джаманкулова С.А. | Кыргыз тили | 2020 | 2025 |
| 3 | Джусупбеков Б.А. | Дене тарбия | 2022 | 2026 |
| 4 | Дюшенбаева С.Э. | Башт класс | 2021 | 2024 |
| 5 | Жонгучкаева Ж.М. | Башт класс | 2018 | 2023 |
| 6 | Карыпбаева Г.Б. | Чет тили | 2020 | 2025 |
| 7 | Көчөрбаева Г.А. | Технол | 2020 | 2025 |
| 8 | Мамырканова Г.К. | Орус тили | 2018 | 2023 |
| 9 | Намазбекова А.Б. | Математика | 2018 | 2023 |
| 10 | Насымбекова А.Н. | Биология | 2018 | 2023 |
| 11 | Өскөнова З.Ө. | Орус тили | 2019 | 2024 |
| 12 | Өмүралиева А.Б. | Башт класс | 2019 | 2024 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13 | Сагыналиева Н.А. | Башт класс | 2018 | 2023 |
| 14 | Шакулов К.Дж. | Матем, дене тарбия | 2019 | 2024 |
| 15 | Шаршенкулова Н. | Башталгыч класс | 2015 | 2023 |
| 16 | Шүкүрбаева А.Н. | Тарых | - | 2023 |
| 17 | Эшимбекова А.К. | Кыргыз тили | 2019 | 2024 |
| 18 | Эдилова Б.Э. | Башт класс | 2019 | 2024 |
| | | | | |

Ар бир окуу жылында мектептин 30% мугалимдери билимин өркүндөтүү курстарына ийгиликтүү окуп, билимдерин жогорулатуунун үстүндө. Азыркы учурда алты мугалим сөзсүз түрдө билимин өркүндөтүшү керек.


**2017-2018, 2018-2019, 2019-2020, 2020-2021, 2021-2022_окуу жылдарындагы жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоосунун жыйынтыгы**

**9-класс**

| Кл. | предмет | Экзамен берүү формасы | Окуу жылдары | Окуучунун саны | Бошотулганы | Келген окуучунун | Келбеген окууч саны | жыйынтыгы | “5” | “4” | “3” | “2” | Сап % | Жет % | Мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Матем | жазуу | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 1 | 6 | 10 | - | 41 | 100 | Намазбекова А.Б. |
| | | | 2018-2019 | 21 | - | 21 | - | 21 | 1 | 12 | 8 | - | 62 | 100 | Шакулов К.Дж |
| | | | 2019-2020 | 16 | - | 16 | - | 16 | 2 | 8 | 6 | - | 62 | 100 | Намазбекова А.Б. |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2020-2021 | 14 | - | 14 | - | 14 | - | 6 | 8 | - | 43 | 100 | Шакулов К.Дж. |
| | | | 2021-2022 | 14 | - | 13 | 1 | 13 | 1 | 6 | 6 | - | 53 | 100 | Намазбекова А.Б. |
| 9 | Кыргыз тили жана адабияты | Дилбаян элем камт баяндама | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 4 | 4 | 9 | - | 47 | 100 | Эшимбекова А.К. |
| | | | 2018-2019 | 21 | - | 21 | - | 21 | 4 | 6 | 11 | - | 48 | 100 | Джаманкулова С.А. |
| | | | 2019-2020 | 16 | - | 16 | - | 16 | 6 | 3 | 7 | - | 56 | 100 | Эшимбекова А.К. |
| | | | 2020-2021 | 14 | - | 14 | - | 14 | - | 8 | 6 | - | 57 | 100 | Джаманкулова С.А. |
| | | | 2021-2022 | 14 | - | 13 | 1 | 13 | 1 | 6 | 6 | - | 58 | 100 | Джаманкулова С.А. |
| 9 | Орус тили жана адабияты | Жазуу | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 2 | 6 | 9 | - | 47 | 100 | Мамырканова Г.К. |
| | | | 2018-2019 | 21 | - | 21 | - | 21 | 3 | 14 | 4 | - | 81 | 100 | Өскөнова .З.Ө. |
| | | | 2019-2020 | 16 | - | 16 | - | 16 | 4 | 8 | 4 | - | 75 | 100 | Мамырканова Г.К. |
| | | | 2020-2021 | 14 | - | 14 | - | 14 | - | 6 | 8 | - | 43 | 100 | Өскөнова .З.Ө. |
| | | | 2021-2022 | 14 | - | 13 | 1 | 13 | 3 | 5 | 5 | - | 61 | 100 | Мамырканова Г.К. |
| 9 | Тарых | Оозеки | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 3 | 5 | 9 | - | 47 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| | | | 2018-2019 | 21 | - | 21 | - | 21 | | 8 | 13 | - | 38 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| | | | 2019-2020 | 16 | - | 16 | - | 16 | 5 | 6 | 5 | - | 69 | 100 | Наурзгалиева А.К. |
| | | | 2020-2021 | 14 | - | 14 | - | 14 | - | 8 | 6 | - | 57 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| | | | 2021- | 14 | - | 13 | 1 | 13 | - | 5 | 8 | - | 38 | 100 | Шүкүрбаева |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2022 | | | | | | | | | | | | А.Н. |
| 9 | География | Оозеки | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 3 | 6 | 8 | - | 53 | 100 | Насымбекова А.Н. |
| 9 | | Оозеки | 2018-2019 | 16 | - | 16 | - | 16 | - | - | - | - | - | - | Болгон жок |
| 9 | География | Оозеки | 2021-2022 | 14 | - | 13 | 1 | 13 | 4 | 4 | 5 | - | 61 | 100 | Ашыбаева Ч.Б. |
| | | | | | | | | | | | | | | | |





Бул беш окуу жылындагы көрсөткүч боюнча окуучулардын билим деңгээли кыргыз тилинен 9-10% га өскөн, математика сабагынан пандемия маалындагы көрсөткүч 15-19%га төмөндөгөн. Бул көрүнүш тарых сабагында да байкалат. Орус тили акыркы окуу жылында  мурдагы окуу жылына салыштырмалуу18%га өскөн. Тандоо сабагынан жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо үч жылда болгон жок. Былтыркы окуу жылында кайрадан тандоо сабагы кошулду. Тандоо сабагынын көрсөткүчү 61%ды көрсөттү.

**11-класс**

| кл | Предмет | Экзамен берҮҮ формасы | Окуу жылдары | Окуучунун саны | бошотулганы | Келген окуучунун | Келбеген окуучунун | жыйынтыгы | "5" | "4" | "3" | "2" | Сап % | Жет % | Мугалими |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Кыргыз тили жана ад. | | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 2 | 6 | 9 | - | 47 | 100 | Эшимбекова А.К. |
| | | | 2018-2019 | 17 | - | 17 | - | 17 | 5 | 9 | 3 | - | 82 | 100 | Джаманкулова С.А. |
| | | | 2019-2020 | 11 | - | 11 | - | 11 | 1 | 2 | 8 | -- | 33 | 100 | Эшимбекова А.К. |
| | | | 2020-2021 | 16 | - | 16 | - | 16 | 6 | 5 | 4 | - | 68 | 100 | Джаманкулова С.А. |
| | | | 2021-2022 | 12 | - | 12 | - | 12 | 4 | 5 | 3 | - | 75 | 100 | Эшимбекова А.К. |
| 11 | Алгебра жана анал.башт | | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 2 | 8 | 7 | - | 59 | 100 | Намазбекова А.Б. |
| | | | 2018-2019 | 17 | - | 17 | - | 17 | 4 | 8 | 5 | - | 71 | 100 | Намазбекова А.Б. |
| | | | 2019-2020 | 11 | - | 11 | - | 11 | 1 | 3 | 7 | - | 44 | 100 | Намазбекова А.Б. |
| | | | 2020-2021 | 16 | - | 16 | - | 16 | 1 | 8 | 7 | - | 56 | 100 | Шакулов К.Дж. |
| | | | 2021-2022 | 12 | - | 12 | - | 12 | 4 | 5 | 3 | - | 66 | 100 | Намазбекова А.Б. |
| 11 | Орус тили жана ад. | | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 6 | 5 | 6 | - | 65 | 100 | Мамырканова Г.К. |
| | | | 2018- | 17 | - | 17 | - | 17 | 4 | 12 | 1 | - | 94 | 100 | Өскөнова З.Ө. |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2019 | | | | | | | | | | | | |
| | | | 2019-2020 | 11 | - | 11 | - | 11 | 3 | 5 | 3 | - | 88 | 100 | Мамырканова Г.К. |
| | | | 2020-2021 | 16 | - | 16 | - | 16 | 6 | 3 | 7 | - | 56 | 100 | Өскөнова З.Ө. |
| | | | 2021-2022 | 12 | - | 12 | - | 12 | 3 | 8 | 1 | - | 92 | 100 | Мамырканова Г.К. |
| 11 | Тарых | | 2017-2018 | 17 | - | 17 | - | 17 | 4 | 8 | 5 | - | 71 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| | | | 2018-2019 | 17 | - | 17 | - | 17 | 6 | 11 | - | - | 100 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| | | | 2019-2020 | 11 | - | 11 | - | 11 | 2 | 4 | 5 | - | 66 | 100 | Наурзгалиева А.К. |
| | | | 2020-2021 | 16 | - | 16 | - | 16 | 3 | 7 | 6 | - | 62 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| | | | 2021-2022 | 12 | - | 12 | - | 12 | 3 | 7 | 2 | - | 83 | 100 | Шүкүрбаева А.Н. |
| 11 | Астрономия | | 2017-18 | 17 | - | 17 | - | 17 | 5 | 4 | 8 | - | 53 | 100 | Насымбекова А.Н. |
| | Биология | | 2018-19 | 17 | - | 17 | - | 17 | | | | | | | Болгон жок |
| | Биология | | 2021-2022 | 12 | - | 12 | - | 12 | 5 | 5 | 2 | - | 83 | 100 | Насымбекова А.Н. |
| | | | | | | | | | | | | | | | |





Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо беш жыл ичиндегисин карай турган болсок, эӊ жогорку көрсөткүч 2018-2019-окуу жылында тарых сабагынан 100%, орус тилинен 94% көрсөткөн. Андан кийинки жогорку көрсөткүч 92% менен орус тили сабагынан 2020-2021-окуу жылында көрсөткөн. Төмөнкү көрсөткүч 2019-2020-окуу жылында кыргыз тилинен 33% көрсөткөн.

Билим берүүнү салыштыра турган болсок, **окуу жылдардагы жетишүүсү жана кыймылы:**


| Окуу жылдары | Класстар | Жылдын башында | Жылдын аягында | Келгени | Кеткени | Эң жакшы | Жакшы | Жетишпегени | Аттест болбог | Билим сап % | Жетишүүсү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2017-2018 | I-IV | 89 | 86 | 11 | 14 | 22 | 17 | - | - | 48 | 100 |
| | V-IX | 96 | 96 | 7 | 7 | 7 | 31 | - | - | 39 | 100 |
| | X-XI | 31 | 29 | 2 | 4 | 3 | 9 | - | - | 41 | 100 |
| | Мектеп б-ча | 217 | 205 | 4 | 15 | 25 | 57 | - | - | 42 | 100 |
| 2018-2019 | I-IV | 89 | 86 | 8 | 11 | 22 | 17 | - | - | 50 | 100 |
| | V-IX | 96 | 96 | 6 | 6 | 6 | 29 | - | - | 36 | 100 |
| | X-XI | 32 | 29 | 1 | 4 | 2 | 10 | - | - | 39 | 100 |
| | Мектеп б-ча | 217 | 211 | 15 | 21 | 30 | 56 | - | - | 41 | 100 |
| 2019-2020 | I-IV | 89 | 91 | 5 | 3 | 18 | 16 | - | - | 55 | 100 |
| | V-IX | 100 | 96 | 8 | 12 | 8 | 30 | - | - | 39 | 100 |
| | X-XI | 30 | 26 | - | 4 | 1 | 7 | - | - | 30 | 100 |
| | Мектеп б-ча | 219 | 213 | 13 | 19 | 27 | 53 | - | - | 41 | 100 |
| 2020-2021 | I-IV | 98 | 96 | 1 | 3 | 19 | 18 | - | - | 52 | 100 |
| | V-IX | 98 | 97 | 1 | 2 | 7 | 32 | - | - | 40 | 100 |
| | X-XI | 31 | 26 | 1 | 6 | 1 | 9 | | | 39 | 100 |
| | Мектеп б-ча | 227 | 219 | 3 | 11 | 27 | 59 | - | - | 43 | 100 |
| 2021-2022 | I-IV | 96 | 95 | 3 | 4 | 15 | 22 | - | - | 40 | 100 |
| | V-IX | 113 | 113 | 9 | 9 | 9 | 25 | - | - | 31 | 100 |
| | X-XI | 30 | 24 | 2 | 8 | - | 13 | - | - | 54 | 100 |
| | Мектеп б-ча | 239 | 232 | 14 | 21 | 24 | 60 | - | - | 43 | 100 |

Окуучулардын жетишүүсү кийинки эки окуу жылында 43% болуп башка окуу жылга салыштырмалуу 2%га өскөн. Окуучулардын кыймылын карай турган болсок пандемия маалында кеткен, келген окуучулар башка окуу жылдарына караганда аз болгон.   Бул жерде көрүнүп тургандай билим сапаты мектеп боюнча пандемия маалында, б.а. 2019-2020, 2020-2021-окуу жылдарында төмөндөгөн.





Окуучулардын кыймылы негизинен төмөндөгүдөй себептерге байланыштуу: Ички миграциянын өсүшү менен шаардык, райондук, республикалык билим берүү уюмдарынан келип, кетүү кыймылы жүрүп турат. Ар кандай социалдык шарттарына байланыштуу жана айылдын чет жактарынын тегерегинде дачалар жайгашкандыктан келип, кетүү тез-тез өзгөрүп турат.

**Келген окуучулардын салыштырмалуу мониторинги:**




**Кеткен окуучулардын мониторинги:**




Бул салыштырууну анализдей турган болсок, окуу жылдарында кеткен окуучулардын саны келген окуучулардын санына салыштырмалуу көбүрөөк. Кеткен окуучуларга анализ берсек, кеткендигинин себеби, микроучасток боюнча дачалардагы жашоочулар туруктуу жашоочулар эмес. Квартирада, жумушу жок болгондуктан, убактылуу жашап кайра көчүп кетип турушат.


**Билим сапатынын мониторинги:**




Бул беш жылдын көрсөткүчү боюнча бул окуу жылдарында пандемия маалындагы эки жылы дээрлик дээрлик бирдей көрсөткү 41% ды түздү десек болот. Кийинки окуу жылдарында 2%га билим сапатынын өскөндүгүн көрүүгө болот.

**Эң жакшы окугандардын көрсөткүчү:**

## эң жакшы жана жакшы окугандар





Мында көрүнүп тургандай “эң жакшы” окуган окуучулардын саны пандемия маалына караганда кийинки окуу жылында өскөн. “Эң жакшы” окуган окуучулар жакшы окуган окуучуларга салыштырмалуу аз. Экөөнүн салыштырмалуу айырмасы 13-15%. Көк менен мыкты окуучулар, кызыл менен жакшы окуган окуучулар көргөзүлдү.

**Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы (мындан ары ЖРТ)**

| Акыркы үч окуу жылында | 2017-2018-окуу жылы (%) | 2018-2019-окуу жылы (%) | 2019-2020- окуу жылы (%) | 2020-2021- окуу жылы (%) | 2021-2022-окуу жылы (%) |
|---|---|---|---|---|---|
| ЖРТга катышкан окуучулардын үлүшү | 79% | 77% | 92% | 54% | 100% |
| Бүтүрүүчүлөрдүн орточо алган баллы | 118балл | 122балл | 114 балл | 110балл | 119балл |
| 110 баллдан жогору алган бүтүрүүчвүлөрдүн үлүшү | 51% | 62% | 45% | 56% | 59% |
| Бүтүрүүчүлөрдүн саны | 13 | 17 | 11 | 14 | 12 |
| Окуу жайларга өткөн окуучулардын саны (ССУЗ, ВУЗ) | 13 | 17 | 9 | 14 | 12 |



| Жал | Окуу жылы | Тестке катышкандардын саны | Катышкандардын саны боюнча тест упайларынын орточо көрсөткүчү | КР ЖОЖдорундагы контракттык орундарга кабыл алынгандардын саны | КР ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018 | 14 | 118 | 7 | 2 |
| 2 | 2018-2019 | 13 | 122 | 3 | 8 |
| 3 | 2019-2020 | 10 | 114 | 4 | 3 |
| 4 | 2020-2021 | 9 | 110 | 3 | 1 |
| 5 | 2021-2022 | 12 | 119 | 7 | 3 |



2017-2022-окуу жылдарында бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТсынын салыштырмалуу мониторингинде көрсөтүлгөндөй ар бир жылда бир аз болсо да жылыш бар. Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) катышкан окуучулардын ата-энесинин мүмкүнчүлүгү бар ата-энелер “Секом”, “Нова” сыяктуу тестирлөөгө даярдоо курстарына даярдоого жөнөтүштү. Ошол окуучулардын алды жогорку балл алды.

- 2017-2022-окуу жылдарында бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТдан алган баллдары ар кандай, бирок ошондой болсо да уламдан-улам жогорку баллды алууга жетиштик. Бул өсүшкө мектеп жамааты, ата-энелер жана окуучулардын билим алууга кызыктардыгынын жыйындысы десек болот. Себеби ЖРТ аркылуу балдардын келечекте жогорку окуу жайга өз күчтөрү менен тапшырууга болорунун далилдерине ынануу менен ийгиликке жетишип келе жатабыз.
- Алдыдагы окуу жылдарында да окуучулардын билим сапаттарынын жыйынтыгы менен ЖРТдан жогорку балл алууга аракеттерди көрүп жатабыз.

Мектептин китепканасы жөнүндө сөз кыла турган болсок, имараты талапка толук жооп бербесе да мектепте китепкана иштейт. Анда мектептин окуу базасына тиешелүү окуу китептери жана адабий китептер сакталат. Окуу залы жок. Окуу китептери толугу менен жетишпейт:

| **Класстар** | | **Окуу китептери** | **Жетишпеген китептердин пайыздык көрсөткүчү** |
|---|---|---|---|
| I-IV | 1-кл | Математика | 100% |
| | | Мекен таануу | 10% |
| | 2-кл | Русский язык | 14% |
| | | Кыргыз тили | 14% |
| | 3-кл | Кыргыз тили | 10% |
| | | Адабий окуу | 10% |
| | 4-кл | Математика | 40% |
| | | Англис тили | 17% |
| VI-IX | 6-кл | -бардык китептер | 28% |
| | | - | |
| | 7-кл | Технология | |
| | | Музыка | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Алгебра | 100% |
| | | Көркөм өнөр | |
| | | Англис тили | 100% |
| | 8-кл | Физика | 100% |
| | | Англис тили | |
| | 9-кл | Физика | 100% |
| | | Англис тили | 100% |
| | | Адам жана коом | 100% |
| | | Русская литература | 38% |
| | | Химия | 38% |
| | | Кыргыз тили | 38% |
| | | Кыргыз адабияты | 22% |
| | | Тарых | 38% |
| \X-XI | 10-кл | Физика | 100% |
| | | Англис тили | |
| | | Адам жана коом | |
| | | Алгебра | |
| | 11-кл | Англис тили | 100% |
| | | Химия | |
| | | Адам жана коом | |
| | | Геэкология | |
| | | Русская литература | |
| | | Кыргыз тили | 29% |

Башталгыч класстардын тамактануусу үчүн ашкана жок болчу. 2020-2021- окуу жылында жергиликтүү Кеңештин депутатттарынын, ата-энелердин демөөрчүлүгү менен ашкана салынып пайдаланууга берилди. Бул убакытка чейин окуучулар класстарга алып келип берүү менен тамактанышкан.  Балдардын мектептен тамактануусу билим сапатына көмөкчү. Себеби, кээ бир окуучуллар, б.а. көпчүлүк окуучулар мектепке тамактанбай келгендиктен, мектептен тамактануусу жакшы таасир берет.

Окуучулардын ден соолугу медиктер тарабынан текшерилип турат. Жылдын башында жана окуу жылынын аягында окуучулардын ден соолугунун нормасын, тазалыгын,  ооруган жерлерин текшерип турулат.

Мектепте компьютер жетишсиз. Окуучулар үчүн  компьютер жок. Ошондой эле интерактивдүү доска да жок.  (2022-2023-окуу жылында мектепке 15 компьютер демөөрчүлөрдүн колдоосу менен колдонулган болсо да  келди.) Спорттук залдын жоктугу дене тарбия сабагын өтүүдө кышкысын абдан курч маселеге айланат. Мектептин андан башка да иш-чараларына көп начар кедергисин тийгизет. Себеби, мектептин масштабындагы чоң иш-чараларды өткөзө турган жыйындар залы жок болгондуктан, аба-ырайынын жаан-чачындуу же абдан ысык мезгилинде сыртта өтүү абдан кыйынчылыкты жаратат.